

Кырг
К15

Нагима Кайырбекова

# СИРЕНЬ

**Нагима Кайырбекова**

# СИРЕНЬ

*Ырлар*

Бишкек – 2018

**УДК 821.51**
**ББК 84Ки7-5**
**К 15**

Китеп Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Интеллектуалдык менчик жана инновациялар мамлекеттик кызматынын төрагасы Д. Молдошеванын жалпы редакциясы астында чыгарылды.

**К 15 Сирень. Кайырбекова Н.**: Ырлар – Б.: Кыргызпатент, 2018. – 40 б.

**ISBN 978-9967-480-11-7**

Бул китепчеге колуна калем алып, чыгармачылыктын түйшүктүү жолуна жаңы гана аралаша баштаган жана келечегинен көптү үмүттөндүргөн таланттуу жаш автордун чыгармалары топтоштурулду.

**А 4702300100-18**
**ISBN 978-9967-480-11-7**

**УДК 821.51**
**ББК 84Ки7-5**

© Кайырбекова Н., 2018
© Кыргызпатент, 2018

# БАШ СӨЗ

Нагима Кайырбекованын ушул китепке жыйнаган кол жазмаларын карап отуруп, мына бул эки ырга көбүрөөк токтолдум. «ЖОГОТУУ» деген ырында дүйнөдөгү эң жакын адамы – чоң энесин акыркы сапарга узатып, жалгыздык сезип, демейде аралашып эле жүргөн адамдарга, айлана-чөйрөгө чочуркай карап, көзүнүн жашы салаалап агып отурган кыз баланын элеси тартылат.

Көөдөнүм ачышууда,
Энемди жоктоп турам.
Өзүмө-өзүм батпай,
Айлам жок боздоп турам.

Айтышты көңүлдөрүн,
Бошотуп муун-жүүнүмдү.
«Жакшы эле жашады» дейт,
Үшүтүп жүрөгүмдү.

А бирок аны жоошутуп, көңүл айтып: "Кой, балакетинди алайын, ыйлаба. Чоң энең жакшы киши экен, жакшы жашады", - деген ага кайрат бербейт, тескерисинче, балалык баёо дилинде буга каршы чыгат. Анткени ал жашоонун мыйзамы, Жараткандын жазганы деген түшүнүктөр тууралуу али кабары жок, жомокко ишенип жашаган баёо бала. Ал эң жакшы көргөн чоң энесин өлбөс сыяктуу сезген, аны дайыма кайраттуу, даанышман, ошол эле убакта баарынан күчтүү сезип келген. Баарынан кыйыны, ал чоң энесин жоготуп, муңга муунуп жатса, адамдардын "өлгөндүн зыйнаты" деп ырым-жырымдарын жасап, шарактап тамак тартышып, энеден калган көйнөк-көнчөктөрдү бөлүшүп жатышпайбы!

Өлгөндү майрам кылып,
Күлгөндү көрдү көзүм.
Талашып-тартышышып,
Бөлгөндү көрдү көзүм.
Кемпирдин кызы дешчү,
Анткени, энем баккан.
Билсем да өлүм барын,
Түшкөндөй болду асман...

Муну менен жашоодогу, адамдардагы жаңы өңүттү эми гана аңдап, ага таң калып да, таарынып да, келише албай да турган жаштыктын элеси тартылат.

Ал эми "ЭНЕ БОЛДУМ" деген ырында жогоркуга караганда кыйла калыптанып, турмушка көзү каныгып калган каармандын – жаш энениn образы көрүнөт. Мында да каарман эне болуу бактысына биринчи жолу кабылып, ушундай бакыттын бар экенине жана эне болуу сыяктуу улуу вазийпаны аркалап, адамзат тукумун улап, жашоого из калтыруу, тукум улоо деген улуу миссияны аткарып, ошого удаа эле алдыдагы дагы канчалаган энелик жоопкерчиликти сезип турганы баяндалат. Ошол эле убакта, бала менен кошо эле балага болгон энелик аруу тилектин, сүйүүнүн, теңдешсиз мээримдин кошо пайда болушу да чагылдырылат.

Көптөн күткөн бакыт жерден табылып,
Көксөгөнүм мына бүгүн жаңырып.
Көз мончоктой кыздуу болдум, карачы,
Кандай бакыт, кандай сонун жаңылык!

Ишенсе да башкалар бул сөзүмө,
Ишене албай турам өзүм-өзүмө.
Периштени кыстым алгач боорума,
Башка нерсе көрүнбөдү көзүмө.

Эне болдум, эне болдум чынында,
Бул бактымды жеткире албайм ырымда.
Эне болгон жүрөк гана сезе алат,
Жашайт жалгыз мындай сезим кылымга!

Жаш калемге, жаш канатка ийгилик каалайм.

Албетте, бул жыйнак анын биринчи китеби, биринчи кадамы. Демек, кандайдыр кемчиликтер болсо окурман кечирип, ийгиликтерине кубанып, колдоп окуйт деп ишенем.

Акын Жыпар Исабаева

## ЫР ДҮЙНӨ

Ыр дүйнөгө аралаштым,
Ыр дүйнөдөн өзүм менен көрүштүм.
Кубанычым ырга айттым,
Арманымды ырлар менен бөлүштүм.

Ырлар мени түшүнүшөт,
Кырдаалыма карап түшөт тизилип.
Кагаз-калем даяр турат,
Ырларымды сүйүп тосот үзүлүп,

Жакшы көрөм ырларды мен,
Жан дүйнөмө жакын сезем, себеби
Болбош керек ыр дүйнөдө,
Сүйүү менен каалообуздун чеги.

Ырлар дагы мага жакын,
Мен ырларды сүйүп калгам себеби.

//

## АПАМА

Убайымга салсам, апа, кечирчи,
Убайымдуу узун жолдо кетилем.
Баш-аяксыз санаа коштоп баратат,
Батаңды бер, жолго чыгам кечинен.

Санааркаба, адашуудан абайлайм,
Алдым туман, болсун мейли, караңгы.
Сиз бар үчүн канатым кең керилет,
Сиз бар үчүн коркпой таштайм кадамды.

Асылым ай, чыгаргың жок жаныңдан,
Балапаның бой жеткенин туйсаң да.
Бала бойдон калаарым чын, талашсыз,
Балдарыма апа болуп турсам да.

Жарыгым ай, амандыгым тиленип,
Оюңдамын кайда болсоң кетпеген.

Анык билем сизден бөлөк жан жогун,
Мүнөт сайын бар экеним эстеген.

## СОҢ-КӨЛҮМ

Ак толкундар жээкти жайпап көбүрүп,
Качан барсам сергитесиң көңүлүм.
Жарашыктуу, жакшынакай, Соң-Көлүм,
Узарткансыйт адамзаттын өмүрүн.

Күн нуруна чагылышып келбетиң,
Көз тандырат сулуулугуң, берметим.
Салкын желиң саамайымдан жай сылайт,
Таба албадым сага жердин теңдешин.

Сагынамын ошол салкын желиңди,
Сагынамын жайлуу жашыл төрүңдү.
Санаасы жок ойноп жүрчүү тебелей,
Сагынамын жыпар жыттуу чөбүңдү.

Кашка сууңдун мөлтүрүнө суктангам,
Тартылгамын, бир өзүңө ыктагам.
Таарынганда качып барып апамдан,
Шибериңде эчен ирет уктагам.

Торпок минип тоголонуп ойногон,
Оюндун түк кызыгына тойбогон.
Сенде калды балалыгым таптаза,
Азыр эстеп ичтен сызам, толгоном.

## КАЙРЫЛБАС КЕЗЕҢ

Таңдан-кечке шаркыратма жээгинде,
Таш үй жасап, конок тосуп ойнодук.
Чарчасак да, чаалыксак да демиге,
Оюндун түк кызыгына тойбодук.

Чоң энемдин колтугунда чоңойдум,
Кайда барса калбай ээрчип жүрчүмүн.
Куурай терген кошунамдын баласын,
Куурчак менен чаап, шылдыңдап күлчүмүн.

Чогултчумун айланада балдарды,
Алар элем аларды бүт башкарып.
Тизип алып өткөрчүмүн жыйналыш,
Бир жинденип, бирде күлө каш кагып.

Ойлоп көрсөм ошол бала курагым,
Эстен кеткис сонун убак турбайбы.
Ал күндөрдү алгым келет кайтарып,
Атаганат, колдон келбейт – бул кайгы!

* * *

Айылдан кеткен элем алыс узап,
Ач болдум, ток да болдум, күндөр сызат.
Ошондо апакемдин майга бышкан,
Кыпкызыл ысык наны көздөн учат.

## 25 ЖАШ

25 жаш бир кылымды төрт бөлүп,
Барат өмүр билинбестен бөксөрүп.
Айрымдар дейт: «Мындан аркы жол татаал,
аңдып турат ар бир күнү өзгөрүш».

Көктөм убак бар тарабың кулпуруп,
Көкүрөктү жарып чыккан үн тунук.
Ак-караны ажырата баштайсың,
Аракетиң өзүң жасап умтулуп.

Ишти ойлонгон таң атат да, кеч кирип,
Бүгүнкү күн кечээ делип эскирип.
Өтүп жаткан ушул саат-мүнөттүн,
Өкүнбөйлү кадыр-баркын кеч билип...

## ЖАШТЫГЫМ

Жаштыгым ай, барган сайын зымырап,
Өтүп жатат бассам деле кыбырап.
Ойлогондо ойноо бала чагымды,
Опкорулат байкуш жүрөк тыбырап.

Жаштыгым, сен, жашоомдогу гүлүмсүң,
Жандырмагы чечилбеген түйүнсүң.
Сенден алдым бул өмүрдүн рахатын,
Сенден таттым башкалардын сүйүүсүн.

Жаштыгым, сен, убактыңды шаштырба,
Токтото тур мезгилиңди азгырба.
Жашыл көйнөк кийген бүгүн жайкалып,
Жай күнүмдү эртең кайра кыш кылба.
Жаштык кезим, арышыңды басаңдат,
Иштерим көп сени менен жасамак.
* * *
Керегине жарай албай элимдин,
Кетип жаткан убактымды ойлосом:
Кейийм да анан, кантип куунак олтурам,
Кылган ишим көңүлүмө толбосо.

Жашоо чиркин, сыноо тура берилген,
Жакшысы да, жаманы да урунуп.
Жалган үчүн өтүп жаткан күндөрүм,
Жаным кейип, жашым турду куюлуп.

Аз өмүрдө жарап калсам көп ишке,
Деген ойдун кучагында жашаймын.
Атаганат, кыял-мүдөөм эңсеген,
Айта албаймын качан ишке ашарын!

## ЖАМГЫР

Жаады жамгыр... терезеден суктанам,
Болуп жаткан кубулушка тыштагы.
Айнек ылдый агып жатты тамчылар,

Эригендей тоңгон аяз кыштагы.

Мен жамгырды жакын сезем өзүмө,
Эске түшөт алгач сүйүү баягы.
Кучагына алган эле көрсөтпөй,
Бүткөн күнү сүйүүбүздүн баяны.

Жамгыр анда көз жашымды туйдурбай,
Койгон эле бүткөн боюм суу кылып.
Айырмасын бөлө албаган көргөн жан,
Калган үчүн көз жаш жаанга жууруулуп.

Тышта жамгыр, терезеге телмирем,
Эске түшүп өткөн сүйүү баяны.

## УНУТ ДЕБЕ

Сен мени унут дейсиң,
Унутам сени кантип?
Сен үчүн оңой болсо,
А мага андай эмес.
Тозоктун оту күйөр...
Унута албайм антип!

Жек көрсөң көрө бергин,
Сүйүүмдү ката албайм.
Ачыкка айткандыгым,
Күнөөлө күнөө болсо,
Мен танбайм, сүйө берем.

Айыбым эмне деги?
Жүрөктү канатасың.
Ишенчээк көңүлүмө,
Тийгизип залакасын.
Себепсиз кыйнап мени,
Алыстап баратасың.

Жарыкпы, караңгыбы?
Бир күнү үңкүр үйүм.
Ошондо унутаармын,
Унута алсам эгер...
А азыр унута албайм,
Билип кой, унут дебе!

* * *

Кандай элек, кандай болду тагдырлар?
Каректерге тамчыларды катабыз.
Качанкы бир кетирилген ката үчүн,
Кайрый албай бакыттан да качабыз.

Көз жаш төгүп баркка жетпес айынан,
Көкүрөктү бошото албай ыйлап да.
Кайгыларды азайта албай сабынан,
Көшөгөнүн аркасына жыйсак да.

Кандай элек, ушундай болду тагдырлар...

## БИЛГИН

Тилегем бир болом деп сени менен,
Теңсинбей кетээриңди билбейт элем.
Темирдей бекем болгум келет менин,
Тебелеп кетсең дагы кенебеген.

Көзүңө карап далай жагынсам да,
Карекке элесиңди тагынсам да.
Кайрылып келишиңди каалабаймын,
Канча ирет көргүм келип сагынсам да.

Ийилем балким, бирок сынбайм билгин,
Мокобойм жашысам да эзилип миң.
Жакшыдан үмүтүмдү үзбөйм дале,
Жашоодо жаңылбаган дегеле ким?...

Сүйүүгө муктаж болсом сүйүп алаар,
Жакшыга жар боломун муну билгин!

## АРГА ЖОК

«Тагдырыңа баш ийбеске арга жок» –
деген сөздүн чындыгына ынандым.
Билбестигим оюмда түк арам жок,
Арбоосунда калган экем жыландын.

Чачкан экен байкатпастан уусун да,
А мен анда бал таткандай кубангам.
Билмек кайдан анын мынча куусун да,
Ал андыктан ак сезимим ууланган.

Ишенгенмин жүргөнү так, таза деп,
Аным көрсө чыга албаптыр ылайдан.
Айтар эле: «Сен мендиксиң, жарыгым,
Мен атайы сурап алган Кудайдан».

Жалган экен мага арнаган сөздөрү,
Эки жанды бирдей алдап жүрүптүр.

Бир мезгилде аны дагы, мени да,
Ошол эле калбыр жүрөк сүйүптүр.

Капилеттен каршылаштык, ишенбей,
"Ал мындайга барбайт" - деймин ичимен,
Турса кана башта айткан сөзүнө,
Же түш болуп ойгонсом не түшүмдөн!

## БУЛУТ-ЖАНЫМ

Караймын сенин көзүңдү,
Самаймын жылуу сөзүңдү,
А бирок угалбадым.
Кааладым сынга толууну,
Кааладым жарың болууну,
А бирок боло албадым.

Жан дүйнөм жараланганын,
Бар дүйнөм караланганын,
Сен туюп, сезе албадың.
Ай-күндөр суудай акты миң,
Кайрылбайт артка, аттигиң,
Сен аны биле албадың.

"Көңүлү калат" дебедиң,
Айтпастан анын себебин,
Сырыңды туя албадым.
Жүлүнүм мейли, сыздаса,
Жүрөгүм мейли, муздаса,
Ичимде өздүк арманым.

Жообу жок сүйүү кыйын да,
Унутам дедим чынында,
А бирок унута албадым.
Кармабайм эми колуңду,
Тоспоймун кайра жолуңду,
Кош болгун, булуттай камгагым!

## ӨТҮНҮЧ

Сүрөтүң колума алып,
Көзүңө карай берем.
Эч кимге окшобогон
Жүзүңдү самай берем.
Башкага ыраа көрбөй,
Өзүңдү сүйгөн элем.
Убакыт өткөн менен,
Сезимим өчпөй келем.
Бул дүйнө сымал анан,
Сөздөрүң жалган болуп.
Арзыган жандар элек,
Ал азыр арман болуп.
Жүрөгүң калган окшойт,
Эрибес муздай тоңуп.
Жибите алсам кана,
Жаңырган жаздай болуп.

Ал күндөр алыс калды,
Экөөбүз бирге баскан.
Жүрөгүм ыйлайт-ыйлайт,
Өткөндү унутпастан.
Келбейсиң аны билем,
Жүдөдүм, өңдөн азгам.
Өзүңдү ойлой берип,
Жүзүмдөн күлкү качкан.

* * *

Алсыз болуп көздөгү жаш toктобой,
Жашап келем өмүрүмдү коздобой.
Жарык туруп караңгыда калгансыйм,
Күндүн нуру күн нуруна окшобой.

## БИЗДИН КҮНДӨР

Бактылуу болгом ырас убагында,
Жаңырат андагы сөз кулагыма.
Өткөргөн ошол күндөр көз алдыман,
Кербендей кыркаар тартып чубалууда.

Ал кезде сенден башка көрбөгөндөй,
Көңүлүн эч ким мага бөлбөгөндөй.
Ар күнү сени коштоп жүрөөр элем,
Байланган сенин жалгыз көлөкөндөй.

«Жалгызым, Ханышам» деп турар элең,
Ар күнү жылуу сөзүң угар элем.
Ар таңда билдирүүңдү окуп алып,
Ишиме шат маанайда чыгар элем.

Шашылып жолугууга иштен келем,
Эркелейм, эркелетип бүтпөйт элең.
«Жарыгым, Кереметим»... деги койчу,
Сөздөрдүн гүлүн гана терет элең.

Катпадык ичибизге сырыбызды,
Болгондой айтаар элек чыныбызды.
Бир гана жылмаюубуз жууп кетчү,
Кичине түшүнбөстүк чырыбызды.

Башаты сүйүүбүздүн көктөм эле,
Ушундай таттуу күндөр өткөн эле.
Ишенбей турам азыр ойлоп алып,
Сүйүүбүз жашаган жок көпкө неге?..

## ҮЗҮЛБӨГӨН ҮМҮТ

Жакшы сөзгө кимдер гана ийилбейт?
Дир-дир этип көкүрөгүм дирилдейт.
Бардык кызга бир сүйлөмдү кайталап,
«Бактым сенсиң, баары болот кийин!» дейт.

Мындай сөздү кайталоодон танбаган,
Бир учурда жүздөп кызды жандаган.
Бир жигитке багым байлап тургансыйм,
Калбаймынбы өксүк коштоп кайрадан?

Туйбагандай канча аракет кылсам да,
Көрбөгөндөй жардамга кол сунсам да.
Иргей албай жүрөт баскан жолдорун,
Көңүлүмдү бир өзүнө бурсам да.

«Болдучу эми, бүттү ушу аягы,
Болбодубу, жөн гана сөз жанагы.
Кайталанбайт сөз беремин» дейт дагы,
Кыя албайт эч көнгөн ишин баягы.

«Жаным менин өзгөчөсүң баарынан» –
Дегенинде чыгып жүрөк кабынан.
Согуп турат бир башкача токтобой,
Үмүт кылып кайтпас ушу табынан...

## БОЛЖОБОГОН ЖОЛУГУШУУ

Кезиктик биз, болжобогонбуз,
Көрбөгөнгө аргам калбады.
Көз алдымда турдуң түнөрүп,
А жанында сулуу жандады.

Жашырганың көрүп турсам да,
Жалганыңа ишендирерсиң.
Таанымаксан болуп өтүп кет,
Кантип ага түшүндүрөсүң?!

## БИЗДИН КҮНДӨР

Бактылуу болгом ырас убагында,
Жаңырат андагы сөз кулагыма.
Өткөргөн ошол күндөр көз алдыман,
Кербендей кыркаар тартып чубалууда.

Ал кезде сенден башка көрбөгөндөй,
Көңүлүн эч ким мага бөлбөгөндөй.
Ар күнү сени коштоп жүрөөр элем,
Байланган сенин жалгыз көлөкөңдөй.

«Жалгызым, Ханышам» деп турар элең,
Ар күнү жылуу сөзүң угар элем.
Ар таңда билдирүүңдү окуп алып,
Ишиме шат маанайда чыгар элем.

Шашылып жолугууга иштен келем,
Эркелейм, эркелетип бүтпөйт элең.
«Жарыгым, Кереметим»... деги койчу,
Сөздөрдүн гүлүн гана терет элең.

Катпадык ичибизге сырыбызды,
Болгондой айтаар элек чыныбызды.
Бир гана жылмаюубуз жууп кетчү,
Кичине түшүнбөстүк чырыбызды.

Башаты сүйүүбүздүн көктөм эле,
Ушундай таттуу күндөр өткөн эле.
Ишенбей турам азыр ойлоп алып,
Сүйүүбүз жашаган жок көпкө неге?..

## ҮЗҮЛБӨГӨН ҮМҮТ

Жакшы сөзгө кимдер гана ийилбейт?
Дир-дир этип көкүрөгүм дирилдейт.
Бардык кызга бир сүйлөмдү кайталап,
«Бактым сенсиң, баары болот кийин!» дейт.

Мындай сөздү кайталоодон танбаган,
Бир учурда жүздөп кызды жандаган.
Бир жигитке багым байлап тургансыйм,
Калбаймынбы өксүк коштоп кайрадан?

Туйбагандай канча аракет кылсам да,
Көрбөгөндөй жардамга кол сунсам да.
Иргей албай жүрөт баскан жолдорун,
Көңүлүмдү бир өзүнө бурсам да.

«Болдучу эми, бүттү ушу аягы,
Болбодубу, жөн гана сөз жанагы.
Кайталанбайт сөз беремин» дейт дагы,
Кыя албайт эч көнгөн ишин баягы.

«Жаным менин өзгөчөсүң баарынан» –
Дегенинде чыгып жүрөк кабынан.
Согуп турат бир башкача токтобой,
Үмүт кылып кайтпас ушу табынан...

## БОЛЖОБОГОН ЖОЛУГУШУУ

Кезиктик биз, болжобогонбуз,
Көрбөгөнгө аргам калбады.
Көз алдымда турдуң түнөрүп,
А жанында сулуу жандады.

Жашырганың көрүп турсам да,
Жалганыңа ишендирерсиң.
Таанымаксан болуп өтүп кет,
Кантип ага түшүндүрөсүң?!

Оңой дээрсиң мени жибитүү,
Таттуу сөздүн даамын таттырып.
Ойлонбоссуң эт жүрөгүмдү,
Койгонуңду таштай каттырып.

Ойлобогун кезигебиз деп,
Качанкы бир ошол жолдордон.
Келбейм, күтпө болом алыста,
Кетем, балким, сүйгөн борбордон.

* * *

Ишенип мен бирөөнө,
Ал үчүн бардыгына даяр элем.
Сүйүүмдү берип койгом,
Эч качан чектеп аны ченебегем.
Себеби, артык болчу,
Мен аны башкаларга теңебегем...

## КАЙРЫЛБА

Өтүнөмүн сагынбагын көрбөгүн,
Өтүнөмүн кайра көңүл бөлбөгүн.
Эми аныңдын кереги жок, баркы жок,
Таңуулаба сүйүүсүн сен өңгөнүн.

Өтүнөмүн эстебе да, сагынба,
Эңсеп мени, өткөн күнгө кайгырба.
Кеткиң келди, каалаганың колуңда,
Келбе эми, келбе, мага кайрылба!

Болбо капа, болбо эми убара,
Кереги жок, кечирим да сураба.
Соолуп барат сендик сезим андагы,
Жандантам деп кайра баштан суулаба!

Күндөр өтүп улам баары өзгөрөт,
Жаңыланат, кыйшык жолдор түздөлөт.
Жаңылбаймын, кайра артыма кайрылбайм.
Жаңы жашоо башка менен түптөлөт.

## КЕТЧИ ДЕГИ

Турамын тышка чыгып көктү карап,
Түнөргөн булуттар да мени аяп.
Тумчуктум сенин жалган сөздөрүңө,
Түшүнбөйм, неге мынча тарттым азап?

Тамчылайт көзүмдөгү мөлтүр жашым,
Таппадым кимге айтамын дил арманым?
Буулугуп өзүмө-өзүм батпай турам,
Айта албайм башкаларга мунун баарын.

Алдайсың сүйбөгөм деп эч бирөөнү,
Актанууң болбойт эми эч жүйөөлүү.
Ансыз да жаным жабыр тартып турат,
Жараатка жараат кошпой кетчи деги!..

## ТАГДЫР ОЮНУ

«Таштап кетсем тамырынан кыйылат,
Тартсам колум такаат кылбай жыгылат.
Таяп-сүйөр жөлөгү да жок чыгар?», –
Тайкы оюң да дегендирсиң бир убак.

Танбайм, ырас, мүдүрүлдүм жолумдан,
Барган жокмун, бирок ээрчип соңуңдан.
Билген элем теңим башка экенин,
Тайып кетсем кармап калар колумдан.

Сени көрдүм, муңайым жүз, кейиште,
Келиптирсиң аянычтуу кейипке.
Талкаланып тандап алган тагдырың,
Алпарбаптыр сен эңсеген "бейишке".

Өкүт коштоп ар бир баскан кадамың,
Өксүк менен өмүр өтүп калаарын.
Өктөм кезде түк албадың эсиңе,
Өз этиңе өзүң жара саларың!

Нарын облустук
китепк...
№ 59107 сбо

## ТҮШҮН

Баары кеч, неге түшүнбөйсүң,
Үшүткөн жүрөгүмдү өзүң?
Сакталып көкүрөктө турат,
Башканы «сүйөм» деген сөзүң.

Тоюңду белгилеген элең,
Түшүнбөйм, ойлондуңбу терең.
Көзүңө көрүнөмүн дебей,
Унутпа, убакыт бар кенен.

Жолуңду тоспогонум ырас,
Себеби, болор эле чыр аз.
Жашыдым, ооба, чын, а бирок,
Өзүмдү колго алдым бир аз.

Сүйүү деп күрөшкүм келбейт,
Намысым ага жол бербейт.
Өзүмдү ичимден тыям,
«Эстүүсүң, эсиңе кел» деп.

Сүйүүмдү жоготтум, ал чын,
Танбаймын көңүлдө барсың.
Кайрадан баштайлы дебе,
Бүткөн иш ал жерде калсын.

## МҮМКҮНДҮК БЕР

«Өзүңдөн көңүл калды» деген элем,
Азапты башка салдың ченебеген.
А азыр өзүң деле билгендирсиң,
Сезимди кандай болот тебелеген?

Бүгүнкү абалыңды табалабайм,
Өткөнгө жалгыз сени каралабайм.
Өрттөнүп күйсөм дагы ал күндөрү,
Өкүнүп жүрөгүмдү жаралабайм.

Жектебейм, бирок албайм кечире да,
Алдыман тосуп чыкпа, учураба.

Атыңды атабайын, эстебейин,
Кеткен соң мүмкүндүк бер унутууга...

* * *

Эркелебейм, эркелетпе, мендик эмес жүрөгүң.
Билем-билем, мени эмес, сен башканы сүйөөрүң.
Кыйналбагын, кыйнабаймын, жок сезимиң жанбаса.
Кыйналбаймын, эгер чындап жүрөк сүйүп калбаса.

## ЖОГОТУУ

Көөдөнүм ачышууда,
Энемди жоктоп турам.
Өзүмө-өзүм батпай,
Айлам жок боздоп турам.

Айтышты көңүлдөрүн,
Бошотуп муун-жүүнүмдү.
«Жакшы эле жашады» дейт,
Үшүтүп жүрөгүмдү.

Өлүмдү жакшы деген,
Жакыны өлбөгөндөр.
Тепседи, тебеледи,
Энесин көмбөгөндөр.

Өлгөндү майрам кылып,
Күлгөндү көрдү көзүм.
Талашып-тартышышып,
Бөлгөндү көрдү көзүм.

Кемпирдин кызы дешчү,
Анткени, энем баккан.
Билсем да өлүм барын,
Түшкөндөй болду асман...

## ЭХ, КАНИЕТ!

(Калемдешим Каниет Орозобековдун жаркын элесине)

Канаттың го жакындардын жүрөгүн,
Эрте кеттиң таштап аруу тилегиң.
Ишене албай, уккан кулак дүңүлдөйт,
Жоготту го жайнап турган гүл өңүн.

Ичим күйөт жалыны жок чок болуп,
Убагы эле күйүп турар от болуп.
Айла канча биз тагдырга баш ийип,
Барган сайын азаябыз жок болуп.

Кайран иним аңдап муну билгендей,
Кайтпас дүйнө түпкүрүнө киргендей.
Калтырыпсың ырларыңа арманың,
Кантип жаттың кирпиктериң ирмелбей?
Эх!.. Каниет, Каниет!

## ӨЛБӨСТҮК

Кайран Ажал торуна чырмаганда,
Карбаластап калабыз бүлүк түшүп.
Кабыргабыз кайышат «Кап, аттиң!» деп,
Капилеттен дүйнөгө күйүт түшүп!
Тируусүндө баалабай адамзатты,
Өлгөндөн соң эстейбиз күйүп-бышып.

«Эсил кайран, эрте өттүң дүйнөдөн!» – деп,
Эс оогончо буркурап ыйламай бар.
«Жайралганды» жайына жай жаткырбай,
Тумчуктуруп көз жашка кыйнамай бар.
Ый мейличи… Андан да жаманы бул –
Той бергенсип келгенди «сыйламай» бар…

Кара булут сыңары кайгы деле,
Көпкө турбайт, акыры кетет тарап.
Жакындарың канчалык күйгөн менен,

Мезгил өтүп бир күнү унуткарат.
Түбөлүктүү а бирок, кылган эмгек,
Түк өчпөстөн эстелип изиң калат.
Ошондуктан өрнөктүү өмүр сүргүн,
Өлбөй-өчпөй бир гана ишиң калат.

## ЖАШОО БАРАКТАРЫ

Кайрадан ачып өткөн барактарым,
Кайталап ал күндөрдү барактадым.
Буулугуп бугум ичке батпай турат,
Бул менин алсыз болуп баратканым.

Чынында жаралуумун түбү терең,
Калсам не андан көрө болуп керең.
Эч бир жан арзуусун да айтпайт беле,
Кысылбай жашайт белем, балким кенен?

Арттым да, так көтөрүп кете албадым,
Алдыма максат коюп жете албадым.
Эх, жашоо, мен өзүмдү жектесем да,
Кол шилтеп өмүрүмдөн кече албадым.

Эт-жүрөк ыйласа да жалган күлүп,
Эч кимге сыр бербестен ичке түйүп.
Артында кыялымдын жашап келем,
Алдыга тартып үмүт, ойлор күлүк ...

## ӨЗГӨРҮҮ

Өзгөрдүм, мурунку мен -
Азыркы мен эмесмин.
А анда кандай элем?..
Таза элем арамым жок,
Жамандан кабарым жок,
Адамдын бардыгына,
Мамилем бирдей эле.
«Ал кандай кабыл алат?» –
Дегенди билбей эле,

Көңүлүм гүлдөй эле.

Жолугуп алгач сүйүү,
Жоодурап тосуп алган.
Жашообуз бир экен деп,
Жолума кошуп алгам.
Жүрөккө сүйүүм батпай,
Жүзүмө чыгып калчу.
Карегим карек эмес,
От болуп күйүп-жанчу.
А кийин эмне болду?..
Ишенич калбай калган.
Көңүлүм кирдегенде.
Таарындым канча ирет,
Тагдырым ийлегенге.
Жашыдым жашынып мен,
Өзгөгө көрсөтпөстөн,
Айланып калганымда,
Сүйүүмдүн ирмемине.

Көзүмдүн оту өчүп,
Көп жүрдүм ыза болуп.
Жүрөгүм сүйүү самап,
Канча ирээт куса болуп.
Кайгыга салган мени,
Сүйүүмдү эңсеп, күйдүм.
Кыялга далай батып,
Үмүтүм үзбөй жүрдүм.

А азыр кандай болдум?..
Башка эмес, өзүмдөн да,
Сүйлөгөн сөзүмдөн да,
Тартынам, коркуп жашайм.
Ким кандай кабыл алды,
Жылмайып күлгөнүмдү?
Сөзүмө сөзүн кошуп,
Улаган сүйлөмүмдү,
Коркомун жакындан да.

Оюмда нелер гана,
Чырмооктой чырмалышкан,
Адамдар бет кап кийген,
Өзүнө «жакшы» атты,
Өздөрү ыйгарышкан.
Болбосо ары жагы,
Боткодой сууга бышкан.
Мындайды көрсөм дагы,
Көрмөксөн болуп коём...
А бирок, көңүл үчүн,
Көңүлүм бөлүп коём

## ИЗДЕДИМ

Батпай жанга, таппай айла,
Кусаланат жүрөгүм.
Сени издеп, сени эңсеп,
Сагынычта жүрөмүн.
Билбейм кайдан, кайсыл жайдан,
Жолукканмын өзүңө.
Таппай жүрөм, тапсам эгер,
Айткым келет сүйөрүм.

Таппадым, издедим,
Калбаптыр издериң.
Кайсыл жайда жүрсөң дагы,
Кабарың айтчы, жетейин.
Сени күтүп, сени сүйүп,
Үмүтүмдү үзбөйүн.
Мөмөлөрү толуп бышкан,
Болчу менин күздөйүм.

Алсыз жанга, түйшүк салба,
Ансыз деле жүдөдүм.
Сезсең боло, уксаң боло,
Сыздайт дале жүрөгүм.
Жетсем десем караанын жок,
Табылганбы түгөйүң?..
Түштө көрдүм, алыстасың,
Колум сунуп жетпедим.
Калганымбы сенсиз жалгыз,
Кабарың билбей кеткеним.

* * *

Керексиз буюм сыңар ташталган таштандыга,
Кечирбей мен өзүмдү, сезимим ооруп турат.
Тажадым жалгыздыктан, жан дүйнөм ыйлайт кантем,
Гүлдөгөн бир кездеги, гүл бакчам соолуп турат.

* * *

Жан дүйнөм жабыркады,
Көзүмөн жашым агат.
Бакыттан үмүт үзбөй,
Алдыга кагып канат.
Өзүмдү алдап келем,
Ким келип кабар алат?
Жалгандан тажасам да,
Чындыкты ойлогондо,
Канатым кайрат алат.
Кыйналып келем айтор,
Жашоомду ондой албай.
Антсе да күндөр өтүп,
Жашаймын элден калбай.

## ЖАРАЛАНГАН ЖҮРӨК

Билбей турам сөздү неден баштаарым,
Уяламын мен өзүмдөн, апкаарыйм.
Тилдейм, бирок эмне келмек колумдан?
Түшүнүп кой менин сага айтаарым.

Эмне кылар айлам таппай жатамын,
Айла канча, тагдырыма капамын.
Ачыгы бул, билбейм кайда багытым,
Кимге жакын болду менин катарым?..

Айткым келбейт мен өзүмдү жаман деп,
Ыйлап күн-түн түбөлүккө калам деп.
Максат эмес мындай жашоо өмүрдө,
Тилек кылам мен бактымды табам деп!

## БУЙРУСА

«Той качан?» деген суроо жанга батты,
Кирпигим ирмелбеген таңдар атты.
Кээ күнү тааныштардан безе качам,
Көрмөксөн болуп карап башка жакты.

"Убактың келди" дешет бардыгы тең,
Алдыда өмүр бардыр ай-күнү кең.
Буюрбай жатса кантем, аргам барбы?
Жазмышты жасоо колдон келбейт экен.

Качандыр баалап кыргыз жигиттери,
Колумдан тартып кетер мүнүшкөрү.
Кеч болбос дагы бир аз күтө турсам,
А балким, кууп жетер күлүктөрү.

Сөз берем ушул сырым бөлүшкөнгө,
Калбаймын буйруп койсо көмүскөдө.
Аракет кылам дале карап турбай,
Буюрган ошол сааттан кечикпөөгө.

## ИШЕНИМ

Азырынча мамилебиз жылуу гана,
Айтпасам да кубанамын ичтен ага.
Жымыңдайсың көктө күлгөн жылдыз сымал,
Эч бир жанды теңей албай турам сага.

«Апам алтын, өзгөчө жан ченебеген,
Күтүп жүрөт ак жоолугун камдап, белен.
Кубанычы батпас эле бирге барсаң,
Болор элең өз кызындай эркелеген».

Деген сөзүң укканымда көңүл балкып,
Көтөрүлдүм улам бийик учуп, калкып.
Ошентсе да мен өзүмдөн түртүп турам,
Калган үчүн бу сүйүүдөн жүрөк жалкып.

Бул сөздөрүң укканыма көңүлүм ток,
Сезип турдум өзүмдү бир өксүгү жок.
Бир өзүңдөй уулду багып өстүргөн жан,
Бир билгеним апаң алтын, күмөнүм жок.

## САГЫНДЫР

Сагындыр, бирок мени жектебегин,
Жазмышы бул тагдырдын башка болдук.
Түшүнбөй кыйналсам да эч себебин,
Ойгонгон сезимдерге чекит койдук.

А балким коюлбаса буга чекит,
Сен деген сезимдерим күч алмактыр.
Ким билет? Өйдө-төмөн өкчөп бүтпөй,
Дагы да сынап жатат бизди тагдыр.

Тереңдеп сөөк учуна илингенде,
Эңшерип жан дүйнөсүн кетпесин деп,
Же тагдыр мени аяп жаткан чыгар?
Армандуу ал сүйүүгө жетпесин деп.

Кыйналып калаарымды туйган чыгаар,
Сүйүүнүн деңизине сүңгүп алсам.
А балким көтөрө албай калмак чыгар,
Өрөпкүп өз дүйнөмө бүлүк салсам...

## ЭҢСӨӨ

Тартылып ошол учур карегиме,
Күч берип турган чагы калемиме.
Кыялым алып учуп барат улам,
Адашпай жетсе болду дарегине.

Кимдер бар өткөн күнүн эстебеген,
Жакшы оюм максатына жетсе деген?
Тоскоолдук кылганымды билгенимде,
«Мейличи менден алыс кетсе» дегем.

Эркелеп боюм таштап кучагыңа,
Эринден сүйгүм келип узаарыңда.
А бирок, намыстанып койгон элем,
Алдырып койбоюн деп ызаа-муңга.

А азыр сен келчүдөй сезилүүдө,
Унутуп өткөндөрдү, кезигүүгө.
Канчалык сабыр кылып күткөн менен,
Аттиң ай, ал күн дале кечигүүдө...

## МЕНИН БАКТЫМ

Азбы, көппү, бу бактымды биле албайм,
Бирок билгин, мен башканы сүйө албайм.
Мени сүйсүн, мейли мени эңсесин,
Бирок жаным, мен башкага күйө албайм.

Сени сүйдүм артык көрүп барымдан,
Таткым келет сенин таттуу балыңдан.
Сенин дүйнөң өтүп менин дүйнөмө,
Жаралса дейм ширин балаң канымдан.

Айрылгым жок сени сүйгөн бактымдан,
Бир өзүңдү издеп жүрүп таптым жан.
Жүрсөм мурда башка жанды пир тутуп,
Азыр турат сендик сезим талпынган.

Ыза батпай далай жолу ыйлагам,
Алсыздыгым мени нечен кыйнаган.
Өзүң болуп бул дартыма дабагер,
Ыраазымын барсың мени сыйлаган.

## БҮГҮН АЙТАМ

Сүйүүм жарык турчу күйүп жалындай,
Кантип турам сендей жанга жагынбай.
Карегимде жанып турчу ар дайым,
Ар эртеде жарык аткан таңымдай.

Бүгүн айтам, буйрук эмес, тилегим,
Согуп турат тынчтык таппай жүрөгүм.
Кыялымды чындыкка кош кош колдоп,
Болуум керек жаркылдаган түгөйүң.

Эгер сенде аз да болсо мендик ой,
Бир аз чыдап, бир аз эле тиреп кой.
Билбейт элең кантип сүйүп калганың,
Анан биздин өтөт эле нике той.

Буйрук болсо жаратkandан берилген,
Бүгүн айтам бул оюмдан чегинбейм...

## КИМИБИЗДЕН?

Бир мүнөткө көрбөсөк сагынышкан,
Бир сүйүүнүн кулу элек экөөбүз тең.
Бир багытка бет алып бирге баскан,
Бир кездеги сезимдер өчүп бизден.
Бирөө болдук, эми биз бөлөк болдук,
Биле албадым, кетти күнөө кимибизден?

Сен башканын жолдошу жаркылдаган,
Калса керек мүнөзүң тартынбаган.
Самасак да ал күнгө бара албайбыз,
Жолдошум бар мени да кор кылбаган.
Кааласак да, жашообуз бөлөк болду,
Жары болдум бирөөнүн жаркыраган...

## СИРЕНЬ

Биз таанышкан алгачкы күн эсимде,
Май айы эле сирень гүлү ачылган.
Сезбептирмин ачык айтсам кезинде,
Бакытымды маңдайыма жазылган.

Кезектеги кадырыма жете алгыс,
Бирөө көрүп теңебегем өзүмө.

Көңүлүмдү бурган менен анчейин,
Ишенбегем анда айткан сөзүңө.

Себебим бар, көңүл калган сүйүүдөн,
Ишеничим тебелеген ал адам.
Айыга албай жүргөн кезде жолуктуң,
Жүрөгүмдү ачыштырган жарадан.

Дагы ыйлоомо жол жок эле чынында,
Албаганмын ал андыктан гүлүңдү.
Кабак-кашым дегениң жок анда да,
Гүл ордуна сундуң кайра сүйүүңдү.

Биз жолуккан ошол майдын кечинде,
Сирень гүлдөп турган болчу. Эсимде.

## БОЛЧУ МЕНИН ЖАНЫМДА

Бар тарабым түгөл, дүйнөм тегиздей,
Бактылуумун сен бар үчүн эгиздей.
Жан дүйнөмдү көлкүлдөтүп ар качан,
Сезимимди чалкытасың деңиздей.

Шаңга бөлөп айрым кейиш күнүмдү,
Чырагымсың жарык кылган түнүмдү.
Кантип анан сактай алам жашыруун,
Көкүрөктө туйлап турган сүйүүмдү.

Эркелеймин, кылыктанып, таарынып,
Үйрүлөсүң анда мага жалынып.
Ал ансайын батпай калам өзүмө,
Кетүүчүдөй кубангандан жарылып.

Кубат берип дайым болчу жанымда,
Айланалы бир очокто жалынга.
Уул-кызыңды өстүрөйүн жетелеп,
Болчу бактым, болчу менин жанымда.

* * *

Сүйгөн жандын акылы болсо терең,
Сүйөп сенин жашооңо болор орток.
Сени менен ойлонбой алга басар,
Жамгырдай жаап жатса да атылган ок.

## ЖАКШЫ АДАМ

Жараткан таразалап кошот тура,
Жакшыга бир жаманды «байлап» берип.
Толуктап туруш үчүн өмүр бою,
Кемчилин бир-биринин өксүк-кемик.

Жарымдын жакшылыгын мындан билем:
«Сеники, меники» деп бөлө койбойт.
Каршылык көрсөткөнүн көргөн жокмун,
Кандай ой айтсам дагы мени колдойт.

Таарынсам, таарынычым узак эмес,
Сүйлөбөй койгум келсе дагы көпкө.
Бат эле жазып алат, жолун билет,
Унутуп кирип кетем кайра кепке.

Колу ачык, «берсемби» деп турат дайым,
Сураган бир да жанга «жок» дей албайт.
Ак көңүл – бат алданып калмайы бар,
Боорукер – душманын да кектей албайт!

Кенебей койгону бар кыйналышта,
А балким, мунусу да дурус чыгар.
Чыркырап эки жактан чырылдасак,
Ким билет, бирige алгыс уруш чыгаар.

Жараткан билип туруп абалымды,
Жарымды кылган тура момун адам.
Жашырбай айтуум керек чындыгында,
Жанымда жашап келет сонун адам!

## ТОЛГОО

Сөөгү сыздап, жан кыйналып
Омурткасы он бөлүнүп
Курган апам басып жүрсө арандан!..
Ашып-шашып төрөлсөм деп эртерээк,
Дартына дарт кошуптурмун каран кал!

Келген кезде ыңаалап,
Унут калып жанагы оору,
Алдейинди бекем кысып бооруңа,
Мээримиңе бөлөп турган чыгарсың,
Кубанычың батпай анда койнуңа…

Сездим, апа, кадырыңды,
Эне болор бакыт буйруп,
Наристемди кыскан кезде боорума.
Унутулду жан чыдагыс бүт толгоо,
Алганымда ымыркайым колума...

Канча күнү, канча түнү,
Кыйналсаң да сабыр сактап,
Азап тартып төрөптүрсүң сен мени.
Сыйлап калдым мурдагыдан көбүрөөк,
Өз наристем бул жарыкка келгени.

## ЭНЕ БОЛДУМ

Көптөн күткөн бакыт жерден табылып,
Көксөгөнүм мына бүгүн жаңырып.
Көз мончоктой кыздуу болдум, карачы,
Кандай бакыт, кандай сонун жаңылык!

Ишенсе да башкалар бул сөзүмө,
Ишене албай турам өзүм-өзүмө.
Периштени кыстым алгач боорума,
Башка нерсе көрүнбөдү көзүмө.

Эне болдум, эне болдум чынында,
Бул бактымды жеткире албайм ырымда.
Эне болгон жүрөк гана сезе алат,
Жашайт жалгыз мындай сезим кылымга!

## КЫЗЫМА

Ыңаалаган үнгө бөлөп үйүмдү,
Ымыркайым келди бүгүн дүйнөгө.
Ырыскысын кошо берип, кем кылба,
Ызгаарыңа, шамалыңа үйлөбө.

Тилегеним ден соолугун бекемдеп,
Тиреги бол, Жаратканым, кызымдын.
Тизгини бол, адаштырбай багыт бер,
Тандаса да кай тараптын сызыгын.

Күнөөсү жок наристемди ыйлатпа,
Көргөзбөгүн жашоонун терс-бузугун.
Карегинен күлкү гана көрөйүн,
Кучагына алсын гүлдүн кызылын.

## ТААРЫНЫЧ

Тагдыр кошкон түгөйүмө таарынып,
Түн ичинде чыгып кеттим көчөгө.
Түнкү Бишкек... басып жүрдүм бульварда,
Үшүсөм да кайтпай үйгө көшөрө.

Алда кимден коркуп кайра алаңдайм,
Кайтпайм бирок... кайра артыма бара албайм.
Мен таарындым, келсин менин артымдан,
Өзүм барып жарыгымды жага албайм.

Мерездирмин, балким, көрсө сыртымдан,
А ичимде назик жанмын чынында.
«Тамашалап ойнодум» деп ойлойттур...
Сезимиңе катуу тийсе кыйын да.

* * *

Эртеңибиз туман болуп турганда,
Эч ким билбес канча ашуу ашарын.
Табышмагын жандырсак не тагдырдын?
Бүгүн айтып кимдин канча жашарын...

Бирок, чындык, эч ким билбейт эртеңин,
Бүгүнкү күн – биздин жашоо билгенге.
Жакшы-жаман күндөр өтөт ар баштан,
Калат баары, айланат көз ирмемге.
Бүгүнкү күн – биздин жашоо билгенге...

## КЫЯЛДАНАМ

Кыялданам: кайра баштан жарашсак,
Биз тагдырдан сүйүүбүздү талашсак.
Кечиришип өткөндөрдү унутуп,
Кайра баштан бирибизге жанашсак.

Жетелешип жүргөн кезде жайдары,
Түндүн көзү суктанчу эле Ай дагы.
Анда бизде араздашуу болбогон,
Көркөмүнө ороп турчу жай дагы.

Кош жылдыздай катар элек жарашып,
Күбө болчу баары бизге карашып.
Көз тийдиби, эмне болду билбедим,
Алыстадык азыр кайда адашып?...

Арзуу бакыт аалам кеңин сездирет,
Турмуш бизди сынап жатат эзгилеп.
Жер тоголок, жолугабыз бир күнү,
Бирок, билгин анда баары эскирет.

Ал андыктан эскиртпөөгө сүйүүнү,
Шашылалы чечилеттир түйүнү...

* * *

Аз күндөгү өкүнүчү өмүрдүн,
Бир кылымга тете болуп көрүнөт.
Убагында таарынабыз тагдырга,
Аалам сыры мына ушинтип төгүлөт.

Билбес элек кайгы ичте катылып,
Билбес элек арман ичке толоорун.
Билип турам тагдыр башка салганда,
Бирде өйдө, бирде ылдый болоорун.

* * *

Сыноо келип ар бир жандын башына,
Карабастан карысына, жашына.
Кээде калып таштак жолдо ташыркап,
Кээде батып балчыгына, сазына.

Мына ушундай өтөт күндөр токтобой,
Кечээки күн бүгүнкүгө окшобой.
А баары бир унутулбай өткөн күн,
Коё албайбыз жүрөк дартын козгобой.

## АЙТПАГЫЛА

Күлүп сүйлөп жанымда жүргөн жандар,
Узун ушак артымдан салып жүрөт.
Убайымга батышып неге мынча,...
Уялатып кектерин катып жүрөт?

Таң каламын айрыкча адамдарга,
Бирде сүйлөйт коздоп, бирде супсак.
Көзүм жумуп койсом да кээ күндөрү,
Калып жатат көңүлүм аздан муздап.

Жасалманы чынында жаман көрөм,
Жашоом менин бирөөгө жагуу эмес,
Жакшы сүйлөп, колунда болуп турса,
Жагалданып жанында калуу эмес.

Пайдам тиер, а бирок зыяным жок,
Ушак-айың артымдан айтпагыла.
Жакшы сөздөр айтууга дил барбаса,
Жаманды да жашырып сактагыла.
Көңүл назик, оорутуу керек эмес,
Жалган сөздү жабыртып айтпагыла.

## НАСААТ

Тагдыр жолу татаал жол,
Кимдер жеңил өтө алат?
Турмуш деген туман жол,
Ким адашпай кете алат?

Тагдырыбыз, жашообуз,
Жеңил кылуу ар кимде!
Чыдоо деген бир күчүң,
Керектелет ал күнгө.

Турмушубуз чоң сабак,
Жакшы окусаң өтөсүң!
Кулабасаң сынактан,
Көп нерсеге жетесиң!

Жеңилүү бар, жеңүү бар,
Ким жеңилет, ким жеңет?
Өкүнүү бар, өнүү бар,
Кимдер өлөт, ким өнөт?

Жеңилүү - бул жеңүүгө,
Койгон алгач кадамың.
Женген күнүң - турмуштун,
Алгандыгың сабагын!

Өкүнгөндө пайда жок,
Өткөн өтөт өмүрдөн.
Калтырбагын тек гана,
Жаса, иште көңүлдөн.

Чындыгында жашоодон,
Адашкандар өлөбүз.
Адал иштеп ак эмгек
Өтөгөндөр өнөбүз....

**ИНИМЕ**

Ата-энем атап койгон атың Ыйман,
Ыймандуу болушуңду тилек кылган.
Андыктан татыктуу бол ушул атка,
Атамды уяткарып жер каратпа.

Алдыга озуп чыкпа кыраан болуп,
Артта да калба такыр «жаман» болуп.
Жай гана жашай бергин так ортодо,
Ыймандуу жөпжөнөкөй адам болуп.

Татыктуу болгун ушул адам атка,
Бүгүнкү бүтөөр ишти артка тартпа.
Дегеним болсун баары орду менен,
Кылгының, багытыңдан кайра кайтпа.

Жакшы бол, жанаш жакшы адам менен,
Жанашпа ичи бузук арам менен.
Билемин досторуңда бар андайлар,
Айтпагын, кыраакы бол сырга терең.

Чоңоюп эр жеттиң да, бийик болдуң,
Ар дайым так ушундай бийик болгун.
Ар качан айткан сөзүн аткара алган,
Сөзгө бек ар-намыстуу жигит болгун.

Жараткан ар ишиңе жөлөк болуп,
Күн сайын ал-күчүңө кубат толуп.
Жашагын бул дүйнөдө эч чөкпөстөн,
Алдында бүлөбүздүн аман болуп.

## МАЗМУНУ

Баш сөз ........ 3
Ыр дүйнө ........ 5
Апама........ 5
Соң-Көлүм........ 6
Кайрылбас кезең ........ 6
25 жаш ........ 7
Жаштыгым ........ 8
Жамгыр........ 8
Унут дебе........ 9
Билгин........ 11
Арга жок ........ 11
Булут-жаным........ 12
Өтүнүч ........ 13
Биздин күндөр........ 14
Үзүлбөгөн үмүт........ 15
Болжобогон жолугушуу ........ 15
Кайрылба........ 16
Кетчи деги ........ 17
Тагдыр оюну ........ 17
Түшүн ........ 18
Мүмкүндүк бер ........ 18
Жоготуу........ 19
Эх, Каниет!........ 20
Өлбөстүк........ 20
Жашоо барактары ........ 21
Өзгөрүү........ 21
Издедим ........ 24
Жараланган жүрөк........ 25
Буйруса........ 26
Ишеним ........ 26
Сагындыр ........ 27
Эңсөө ........ 27
Менин бактым........ 28
Бүгүн айтам........ 28
Кимибизден?........ 29
Сирень ........ 29

Болчу менин жанымда ........................................ 30
Жакшы адам ........................................ 31
Толгоо ........................................ 32
Эне болдум ........................................ 32
Кызыма ........................................ 33
Таарыныч ........................................ 33
Кыялданам ........................................ 34
Айтпагыла ........................................ 35
Насаат ........................................ 36
Иниме ........................................ 37

Адабий-көркөм басылма

**Нагима Кайырбекова**

**СИРЕНЬ**
Ырлар

*Редактору:* С. Кубатова

*Чыгышына жооптуу:* Н. Рымбекова

*Компьютердик калыпка салган:* Ж. Курмушуева

Мукабаны көркөмдөөдө Д. Исраилованын
ишинен фрагмент колдонулду

Китеп Интеллектуалдык менчик мамлекеттик фонду
тарабынан басууга сунушталды

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу
Интеллектуалдык менчик жана инновациялар мамлекеттик
кызматынын Көчүрүү-көбөйтүү бюросунда басылып чыгарылды

---

Басууга кол коюлду: 27.10.2018 Формат: 60x90/16
Эсептик-басма табак: 3,3 Тапшырык № 799
Нускасы: 150

---

**Редакциянын дареги:** 720021, Бишкек ш., Москва көч., 62,
Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Интеллектуалдык менчик
жана инновациялар мамлекеттик кызматы
Тел.: 68-08-19, 68-16-98, 68-16-10